# ЭНЕ СҮТҮ МЕНЕН ГАНА БАГУУ

## ЭНЕ СҮТҮ МЕНЕН ГАНА БАГУУ – БУЛ БАЛАГА КОШУМЧА ТАМАК ЖАНА КАЙСЫ ГАНА СУУСУНДУКТАРДЫ БОЛБОСУН: СУУ, ЧАЙ, ШИРЕ ЖАНА БАШКАЛАРДЫ БЕРБЕЙ БАГУУ

## БАЛАНЫ АНЫН ӨМҮРҮНҮН БИРИНЧИ 6 АЙЫНЫН ИЧИНДЕ ЭНЕ СҮТҮ МЕНЕН ГАНА БАККЫЛА

### ЭМНЕ ҮЧҮН БАЛАГА АЛТЫ АЙГА ЧЕЙИН ЭНЕ СҮТҮН ГАНА БЕРҮҮ МААНИЛҮҮ:

- √ бала эмчек сүтү аркылуу бардык зарыл болгон витаминдерди, микроэлементтерди, белок, май жана углеводдорду алып турат
- √ эмчек сүтүндө баланын ички органдарынын, баш мээсинин, кан тамырларынын, тери, чач жана тырмактарынын өсүп-өнүгүшү үчүн абдан зарыл болгон өстүрүү факторлору камтылган
- √ эмчек сүтү – бул баланы жугуштуу оорулардан активдүү коргоочу, уникалдуу жандуу суюктук
- √ эне сүтү баланын муктаждыгына жараша өзүнүн курамын өзгөртө алат
- √ кошумча тамак же суусундук баланы уникалдуу жана абдан пайдалуу витаминдер, микроэлементтер, белок, май жана өстүрүү факторлорунан куру калтырат

### БАЛА ЭМЧЕКТИ КАНЧАЛЫК КӨП ЭМСЕ, СҮТ ОШОНЧОЛУК КӨП ИШТЕЛИП ЧЫГАТ

- √ тез-тезден эмизүү жана сүт бездерин толугу менен бошотуу сүттүн көбүрөөк иштелип чыгышына көмөкчү болот
- √ бала эмчек эмүүнү токтотоору менен сүт бездери сүт иштеп чыгарууну токтотот
- √ эгерде бала негизинен бир эмчекти эмсе, ошол эмчекте сүт көп иштелип чыгат жана бул эмчектин көлөмү экинчисине караганда чоңураак болуп калат
- √ сүт бездери сүт иштеп чыгууну уланта бериши үчүн, эмизген сайын бала какшыта эмип турушу керек
- √ эгерде бала эмчекти эмбей калса, сүттүн иштелип чыгышынын уланышы үчүн сүттү саап туруу зарыл

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги
USAID АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН
SPRING Дүйнөлүк деңгээлде тамак-аш тармагындагы өнөктөштүктү, натыйжалуулукту жана инновацияны чыңдоо долбоору